ЖАШЫЛ КЛИМАТ ФОНДУНУН (ЖКФ) ДОЛБООРУ

# Климат багытындагы кызматтар жана климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу жашоо-тиричилик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү

### ЖАШЫЛ КЛИМАТ ФОНДУНУН (ЖКФ) ДОЛБООРУ

“Кыргыз Республикасындагы азык-түлүк коопсуздук маселеси курч турган аялуу жамааттардын климат багытындагы кызмат алуу жана климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу өз жашоо-тиричилигин коргоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү” – Кыргыз Республикасындагы **"Жашыл климат фонду"** каржылаган алгачкы долбоор. Бул долбоор 2022-2025 жылдар аралыгында 102 000 кишини колдоого алат жана бюджети 9,6 млн. АКШ долларды түзөт.

ЖКФ долбоорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы менен биргеликте Баткен, Ош жана Нарын облустарында үч компонент аркылуу ишке ашырууда.

### ЖКФ ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУ АЙМАКТАРЫ




GREEN CLIMATE FUND

WFP Дүйнөлүк Азык-түлүк Программасы


## КЛИМАТ БАГЫТЫНДА КЫЗМАТ АЛУУ ЭМНЕНИ БИЛДИРЕТ?

Климат багытындагы кызматтар – климатка байланыштуу маалыматтарды (температура, жаан-чачын, нымдуулук, шамал ж.б.) чогултуу, талдоо, чечмелөө жана өз убагында жайылтууну жана кадыресе тургун менен уюмдар тарабынан климатка байланыштуу маалыматты чечим кабыл алууда колдонууну билдирет. Климат багытындагы кызматтарды натыйжалуу камсыз кылуу үчүн бардык тараптардын тийиштүү катышуусу жана дыйкандардын муктаждыктарына жооп берген маалыматты жеткиликтүү кылууга атайын механизмдерди талап кылат. Климат багытындагы кызматтар айыл чарба тармагында чечим кабыл алууда жана пландаштырууда негизги ресурс болуп саналат.

## ЭМНЕГЕ БУЛ МААНИЛҮҮ?




Тоолуу рельефте жана сейсмикалык активдүү зонада жайгашкандыктан, Кыргыз Республикасы табигый кырсык катталуу тобокелдиги жогору болгон мамлекет, ошондой эле Борбордук Азия жана Чыгыш Европа аймагындагы **климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттеринен жабыркаган өлкөлөрдүн бири** бойдон калууда (Дүйнөлүк банк).



Суу ташкыны, сел, жер көчкү, кар көчкү, аптап, катуу шамал жана мөндүр сыяктуу климаттын кесепетинен келип чыккан кырсыктардын масштабы жана саны акыркы 12 жылда **1,5 эсе көбөйдү.**



Климаттын өзгөрүүсү менен байланышкан табигый кырсыктар өлкөдөгү **азык-түлүк коопсуздугунун курч абалынын негизги себептеринин** бири, ал эми жагымсыз жана күтүлбөгөн климаттык шарттар айыл чарба иш-аракеттеринин көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат.



2021-жылы **аптап жана сугат суусунун жетишсиздиги** бир нече негизги өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келди.

# Долбоордун иш-чаралары



## 1-КОМПОНЕНТ

### ЖАМААТТАР ЖАНА ДЫЙКАНДАР ҮЧҮН КЛИМАТ БАГЫТЫНДА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ

БУУ ДАТП аялуу жамааттарга климат тууралуу ылайыкташтырылган маалыматты жеткирүү үчүн КыргызГидроМетке заманбап жабдуулар менен камсыздоо жана мекеменин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү аркылуу колдоо көрсөтөт.

Маалыматтарды дыйкандарга натыйжалуу жеткирүү жана климат багытындагы кызматтарды өркүндөтүү үчүн БУУ ДАТП КыргызГидроМет менен колдонуучулардын, ортомчулардын, аймактык жана мамлекеттик мекемелердин жана жеке сектордун ортосунда туруктуу өнөктөштүк мамилелерди чыңдайт.



## 2-КОМПОНЕНТ

### АЙЫЛДЫК ЖАМААТТАРДЫН КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮНӨ ЫҢГАЙЛАШУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН БЕКЕМДӨӨ

БУУ ДАТП жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жамааттар менен биргеликте климатка байланыштуу тобокелдиктерди аныктап, анын ичинде катталуу ыктымалдуулугу бар болгон кырсыктардын тобокелдиктери, климаттын экономикага (айыл чарбага) жана каражат булактарына болгон таасири жөнүндө маалыматтарды иштеп чыгат. Аныкталган тобокелдиктердин негизинде БУУ ДАТП жана өнөктөштөр тарабынан Климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу чаралары иштелип чыгарылып, жергиликтүү өнүгүү пландарына киргизилет.

БУУ ДАТП климатка байланыштуу кырсыктардан мүлк менен коомдук инфратүзүмдөрдү коргоо үчүн аялуу үй-бүлөлөргө энергетикалык натыйжалуулугу жогору, арзан жана жергиликтүү шартка ыңгайлаштырылган энергия булактарын сунуштайт, ошондой эле, тартыш болгон жаратылыш ресурстарына курч атаандаштыкты азайтуу үчүн жашыл технология багытында жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.



Долбоор климатка байланыштуу кырсыктардын тобокелдиктерин азайтуу максатында инфратүзүмдөрдү түзүү, климаттын өзгөрүүсүн эске алган айыл чарба ыкмалары боюнча окутуу, ошондой эле чакан цехтерди колдоо аркылуу аялуу калайыкка киреше булактарын кеңейтүүгө жана климатка байланыштуу кырсыктарга туруктуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзөт.

## 3-КОМПОНЕНТ

### МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДИН, ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ӨНӨКТӨШТӨРДҮН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ЧЫҢДОО



БУУ ДАТП табигый кырсыктардын тобокелдигин азайтуу/климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу боюнча маалымдуулукту жогорулатууга багытталган куралдарды иштеп чыгуу, окутуу усулдарын ыңгайлаштыруу жана бул маалыматты онлайн порталы аркылуу бөлүшүү менен жергиликтүү жана улуттук мамлекеттик өнөктөштөргө колдоо көрсөтмөкчү.

Чечим кабыл алууда колдоо көрсөтүү менен БУУ ДАТП жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте жергиликтүү өнүктүрүү пландарына климатка байланыштуу кырсыктардын тобокелдигин жана ыңгайлашуу чараларын киргизет, ошол эле учурда бир нече мамлекеттик органдардын саясаты, стратегиялары жана программалары тууралуу маалымдоо үчүн алдыңкы тажрыйбаларды улуттук деңгээлде жайылтат.

**6363** 6363 НОМЕРИНЕ (АКЫСЫЗ) ЧАЛЫП, БИЗДИН ИШ-АРАКЕТТЕРИБИЗГЕ БОЛГОН СУНУШТАРЫҢЫЗДЫ, СУРООЛОРУҢУЗДУ ЖЕ КООПСУЗДУК МАСЕЛЕСИ, ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК, СЕКСУАЛДЫК ЫДЫК ЖАНА АЛДАМЧЫЛЫК СЫЯКТУУ ТЫНЧСЫЗДАНУУЛАРЫҢЫЗДЫ КУПУЯ ТҮРҮНДӨ БИЛДИРСЕҢИЗ БОЛОТ. БИЛДИРҮҮҢҮЗДҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ СИЗГЕ МААЛЫМДАЛАТ.